***Нарымбетов Т.К.***
***Жалал Абадский Государственный Университет***

# СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУ ЖАНА АГА КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

# ОРГАНИЗАЦИЯ ЧЕЛОВЕКА СТУДЕНТОВ РАБОТА И ЕГО КРИТЕРИИ

***Narymbetov T.K.***

# ORGANIZING THE STUDENTS' INDIVIDUAL WORK AND ITS CRITERIA

**Аннотация:** *Студенттердин адис катары калыптандыруу процессинде негизги орун студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу, аны аткаруусу жана жумуштун натыйжасын баалоо актуалдуу маселелерден болушу негизделди. Студенттердин өз алдынча иши окуу ишинин өзгөчө бир формасы катары кароо сунушталды. Бул көз караште студенттердин өз алдынча иштерин дидактикалык жактан кароо жана илимий методикалык жактан студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууну, аткарууну, баалоону негиздөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз. Макалада студенттердин өз алдынча иштеринин айрым формалары каралды жана талданды. Студенттердин өз алдынча иштерин баалоо маселелери терең талданган жок.*

**Аннотация:** *Обоснованы актуальные задачи о том, что основное место в процессе формирование студентов как специалист являются организация самостоятельных работ студентов, их проверка и оценивание результатов этих работ. Рекомендовано рассмотреть самостоятельную работу как особую форму учебной работы. По такому взгляду получим возможность дидактически рассмотривать самостоятельную работу и научно-методически организовать, выполнить, оценить самостоятельную работы студентов. В статье рассмотрены и анализированы некоторые формы самостоятельных работ студентов. Оценивание самостоятельных работ студентов глубоко не анализированы.*

**Abstract:** *The urgency of the problem that the main place in the process of formation of the student as an expert is an organization of independent work of students, their review and assessment of the results of these studies. It is recommended to consider the independent work as a special form of academic work. According to this view we get the opportunity to work independently maps the didactic and methodological organize, execute, assess the students' independent work. In the article the analyzed some forms of independent work of students. Evaluation of independent work of students deeply analyzed.*

**Түйүндүү түшүнүктөр:** *Өз алдынча иш, жөндөмдүүлүк, практика, көзөмөл, ишмердүүлүк*

**Ключевые слова:** *Самостоятельная работа, способность, практика, контроль, деятельность*

**Key words:** *Independent work, ability, experience, control activities*

Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү стандарттарында ар бир окутулган предметтин 50 пайызы студенттердин өз алдынча иштерине пландаштырылган. Азыркы учурда негизги көңүл аудиториялык окуу иштеринин формалары (лекциялык, практикалык, лабораториялык ж.б.) менен гана чектелет. Студенттердин өз алдынча иштери системалуу жүргүзүлөйт. Көбүнчө окутуучулардын тапшырмалары системалуу, максаттуу түрдө болбогондугу байкалат. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу маселелери терең изилденген эмес. Ошол себептен студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу, аткаруу, баалоо процесстерин изилдөө маселелери актуалдуу маселелерден болуп эсептелет. Изилдөөнү системалуу жүргүзүү үчүн студенттердин өз алдынча иштерин окуу иштеринин бир бөлүгү катары кароо максаттуу. Мындай көз караш студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу, аткаруу, баалоо боюнча принциптерди, методдорду илимий-методикалык жактан негиздүү иштеп чыгууга көмөк көрсөтөт.

Билим берүү стандарттарында окутуучулар студенттерди өз алдынча иштөөгө, билимин толуктоого,өздөрүнүн кругозорун өстүрүүгө, илим жана практикада чындыкка умтулууга окутуу милдеттендирилет. Өз алдынча даярданууда студенттер китепкана, интернет менен камсыз болуусу керек.

Азыркы учурда билим берүү программаларында аудиториядан сырткаркы иштер, практикалык жумуштар заманбап техникалык базаны чыңдалышы, психологиялык-педагогикалык жана илимий-методикалык ишмердүүлүктүн коштоосу, жумуш берүүчүлөрдүн кызыкчылыгын коргоо жана студенттердин өз алдынчалуулугун талап кылган окуу процессин уюштуруунун бир канча татаал бөлүгү болуп калууда. Мындай болгондо өз алдынча ишке кандайдыр бир дидактикалык максаттар, талаптар, принциптер коюлууга тийиш. Биз төмөндө мындай талаптардын айрымдарын келтиребиз.

Өз алдынчалуу иш – окуу процессинин сапатын көтөрүүдө өзгөчө роль ойнойт. Белгилүү

болгондой, билим бул өз алдынча ишмердүүлүктүн убагында окутуучунун берилген даяр материалына өздөштүрүүгө караганда бир канча жакшыраак.

Өз алдынчалуу ишти пландоодо кандай максат менен аны өз алдынча ишти аткарып жаткандыгын аныктоо керек.

Андай учурда, төмөндөгүдөй ишти пландоо максатка ылайык.

Аудиториялык иш учурунда алынган билимин бышыктоо, тереңдетүү, кеңейтүү, системалаштыруу жана практикада колдоно билүү;

Окуу материалдарын өз алдынча өздөштүрүү;

Укуктук иш кагаздарды жана атайын адабияттарды колдоно билүү;

Уюштуруучулук, жоопкерчилик, өз алдынчалуулук, чыгармачылык ойлоп табуучулук, активдүүлүк жана таанып билүү жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүүсү;

Изилдөөчүлүк жөндөмдүүлүктүн өнүгүүсүя;
Окуу процессинде өз алдынча иштер экиге бөлүнөт.

Аудиториялык;

Аудиториядан сырткаркы;

Аудиториялык өз алдынча иш окутуучунун тапшырмасы жана анын түздөн түз жетекчилигинин астында аткарылат;

Аудиториядан сырткаркы өз алдынча иш окутуучунун тапшырмасы менен бирок анын көзөмөлүсүз аткарылат. Азыркы убакта КРнын кесиптик билим берүү стандарттарында ар бир окутулган предметтин экиден бир бөлүгүн, башкача айтканда 50% ти өз алдынча иштерге пландаштырылган.

Өз алдынча иш студенттердин эмгегинин уюштуруу формасын, методдорун иш жүзүнө ашырууга, өз алдынча билимдерин түрлөрүн жана көлөмдөрүн туура аныктоону талап кылат.

Студенттердин өз алдынча иштеринин эффективдүүлүгү уюштуруу шарттарынан, тапшырманын мазмунунан жана аткаруу формасынан көз каранды.

Ар бир окутуучунун алдына студенттердин өз алдынча иштерин туура уюштуруу маселеси коюлат. Уюштуруу эң алгач өз алдынча даярданууга конкреттүү ыкмалар жана алардын аткарылышы менен берилген так тапшырмалар түрүндөгү методикалык колдонмолорду камтыйт.

Аудиториядан сырткаркы мезгилде студенттерге өз алдынча иштерин уюштуруу, пландаштыруу, илимий макалалар менен иштөө, конспектилөө жана эске тутуу ыкмаларын үйрөтүү зарыл.

Канчалык студенттер окуу адабияттары менен иштөө усулдарын тез өздөштүрүшсө, алар ошончолук тез жаңы маалыматтарды көп өлчөмдө кабыл ала башташат, ошончолук инсандын өз алдынча иште тез калыптануучу негизги кесиптик сапаттары болгон активдүүлүгү, өз алдынчалыктары, ойлоп табуучулугу пайда болот.

Колледжде студенттердин окуу-таануу активдүүлүгүн өстүрүү үчүн аудиториядан сырткаркы иштердин түрдүү формалары колдонулат.

Студенттердин аудиториядан сырткаркы өз алдынча иштерин уюштуруунун, текшерүүнүн жана жетектөөнүн негизги түрлөрүн таблица түрүндө келтиребиз.

| Өз алдынча иштин түрү | Окутуучу тарабынан жетектөөнүн ыкмалары | Көзөмөлдөөнүн формалары |
|---|---|---|
| Лекцияны конспектилөө | Лекциянын электрондук конспектисин түзүү | Оозеки сурамжылоо, , жазуу иштери |
| Реферат жазуу | Рефераттардын темаларын иштеп чыгуу, адабияттарын көрсөтүү | Рефератты коргоо |
| Тема боюнча маалыматтарды издөө | Адабияттардын тизмесин түзүү | Доклад даярдоо, |
| Колдонулган илимдерди системалаштыруу | Консультация | Доклад, схема, таблица, график, макет, презентация |
| Жекече үй тапшырмаларын аткаруу | Тапшырмалардын варианттарын иштеп чыгуу | Текшерүү |
| Кесиптик ишмердүүлүктү моделдөө | Консультация | Текшерүү |
| Практикалык сабактарга (аралык, учурдагы, жыйынтыктоочу текшерүү) даярдануу | Текшерүү иштердин тапшырмаларын, тесттерди даярдоо | Оозеки сурамжылоо, тестирлөө, текшерүү иш |
| Чыгармачылык иштерди аткаруу | Көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу | Көргөзмөлөрдү жасоо |

Практика көрсөтүп жаткандай, буга чейин студенттердин өз алдынча аткарууга, ар бир предмет боюнча, берилген тапшырмалардын суммалык көлөмүн, сарпталуучу убакыт, татаалдыгы жана башка проблемаларды чечүү боюнча изилдөө жумуштары алгылыктуу жүргүзүлбөгөн. Бул багыттарда илим-изилдөө жумуштардын жүргүзүүнүн татаалдыгы проблемалардын бир тектүү болбогондугу менен түшүндүрүлөт. Маселен, бир адистик боюнча даярданып жаткан студент бир нече предметтерди окуп -үйрөнөт жана ар бир предмет боюнча түрдүү окутуучулар окуу иштерин уюштурушат. Предметтер маанилүүлүгүнө, татаалдыгына жараша бөлүнөт. Демек студенттерге берилүүчү өз алдынча иштер да көлөмү, татаалдыгы, мааниси ж.б. нерселерине карата түрдүүчө болушу мүмкүн. Мындан улам ар бир предмет боюнча өз алдынча иштердин көлөмүнө, татаалдыгына жана студенттин иштөө жөндөмдүүлүгүнө жараша кетирген убактысын аныктоо маселеси келип чыгат.

Мындай маселелердин бир тобун атоого болот жана бул маселелердин чечилиши билим алуунун сапатына түздөн- түз таасир тийгизет.

Студенттердин өз алдынчалуугунун жана таанып билүү активдүүлүгүнүн деңгээли алардын окуу-изилдөөчүлүк иштеринин аткарылышынан аныкталат. Докладдарды даярдоо, рефераттарды коргоо, тематикалык кроссворддорду түзүү предмет боюнча билимдерди тереңдетүүгө, өтүлгөн материалды бышыктоого шарт түзөт.Анткени ар бир студентке өзүнүн темасын тандоо мүмкүнчүлүгүн берүү окутуучунун милдети.

Студенттердин мындай формадагы аудиториядан сырткаркы өз алдынча иштеринин аткарылышы маалыматтарды издөөсүн, тандоосун жана иштеп чыгуусун ишке ашырат, ал эми докладдарга компьютердик презентацияларды түзүүсү алардан маалыматтык технологияларды колдонуу көндүмдөрүн талап кылат.

Дисциплина боюнча практикалык жөндөмдөрдү жана теориялык билимдерди бышыктоо, аларды системалаштыруу, компетенттүүлүккө багытталган билим берүүнү жайылтуу өз алдынча жана чыгармачылык ишмердүүлүктүн көндүмдөрүн өнүктүрүү – студенттердин өз алдынча иштеринин эффективдүү түрлөрүнүн бири болгон курстук долборлоону даярдоого көмөк берет. Ошентип педагог консультант катары, окутуу чөйрөсүнүн уюштуруучусу катары иш алып барат.

Студенттердин мындайча өз алдынчалуу жана чыгармачылык менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу процессинде дагы бир кадамы болуп адистиктин багытынан көз каранды түрдө тиешелүү мекемелерде жана ишканаларда өтүлүүчү өндүрүштүк жана мамлекеттик практикалар эсептелет. Практика учурунда студенттер дисциплина боюнча теориялык билимдерин тереңдетет, кеңейтет жана бышыктайт, практикалык көндүмдөрдү кабыл алат, кесиптик ишмердүүлүктөгү негизги тажрыйбалар калыптанат.

Адисти даярдоонун сапатын жогорулатуу өз алдынчалуу иштерди уюштуруу процессиндеги чыгармачылык ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө жекече мамиле жасоо олутуу жыйынтык берет. Ушуга байланыштуу окутуучунун ролу студенттердин окуу эмгегин методикалык жактан гана камсыз кылуучу гана эмес, таануу ишмердүүлүгүн уюштуруучу катары кызмат аткарат да, болочок адистердин илимий потенциялы жогорулайт, ошондой эле өзүнүн келечектеги ишмердүүлүгүнүн принциптерин өз алдынча ишке ашыруу жөндөмдүүлүктөрү калыптанат.

Студенттерге өз алдынча иштерди калыптандыруунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга төмөндөгүлөрдү талап кылат.

Окутуучу менен студенттин өз ара мамилесин активдештирүү;

Окутуучу менен келечектеги адистин диалогун колдонуу;

Окутуу методдорун, салттуу жана салттуу эмес окутуу формаларын өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн колдонуу;

Келечектеги жумуш берүүчү менен байланыштуу;

Келечектеги адисти даядоодо материалдык техникалык базаны өнүктүрүү.

**Адабияттар:**


1. Гареев Р.А. Организация образовательного процесса и внеучебной работы. Концепция и перспективы //Среднее профессиональное образование-2009 г. №5
2. Черногаева Н.А. Контроль самостоятельной работы студентов //Методист -2009 г. №1
3. Митрюхина Л.Н. Самостоятельная работа как фактор развития познавательной деятельности учащихся //Народная асвета -2005 №5
4. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-басылышы [Текст] /И.Б. Бекбоев.– Б.: “Улуу тоолор”. -2015. -238
5. Крутецкий, В. А. Психология математических способностей школьников [Текст] / В. А. Крутецкий; под ред. Н. И. Чуприковой. — М. : Институт практической психологии, 1998. — 416 с.